| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ** |

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023-жылдын 26-июлу № 27/96**

**Кызыл-Кыя шаарынын аймагындагы автотранспортту парковкалоо үчүн жыйымдын тарифин көтөрүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени талкуулап чыгып, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 18-январындагы №4 "Кыргыз Репубикасынын Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Мыйзамына, шаардык кеңештин Бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын 2023–жылдын 5-июлундагы №51-протоколуна негиз, Муниципалдык менчик департаментинин 2023–жылдын 23-июнундагы №02-6/1183 сандуу катын эске алып, Кызыл–Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин 2009-жылдын 26-декабрындагы №11/65 "Кызыл-Кыя шаарынын аймагында автотранспортту парковкалоо үчүн жыйымдын ставкасын белгилөө жөнүндө" токтомунун 1-пунктуна өзгөртүү киргизилип, төмөндөгүдөй окулсун: "Кызыл-Кыя шаарынын аймагындагы автотранспортту парковкалоо үчүн жыйымдын тарифи 20 (жыйырма) сом өлчөмүндө белгиленсин".

2. Кызыл-Кыя шаарынын аймагында автотранспортту парковкалоо үчүн конкурс өткөрүп, жеңүүчүлөр менен келишимдерди түзүү, жыйымды өз убагында чогултуу Муниципалдык менчик департаментине (И.Салиев) жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин Бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Калматов**